**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш: Д.07.16.528**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 94 (575.2)**

**ЧОДОЛДОЕВА ГУЛЗАТ ЖУСУПОВНА**

# БОРБОРДУК ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫНЫН XVIII КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ-XIX КЫЛЫМДЫН 60-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ АБАЛЫ

**Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2016**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчиси: | тарых илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Жоробеков Туратбек Жоробекович** |
| Расмий оппоненттер: | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Кененсариев Ташманбет**<br><br>тарых илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Карыева Анаркүл Карыевна** |
| Жетектөөчү мекеме: | **К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы** |

Диссертация 2016-жылдын “___” ноябрында саат 16.00 дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Диссертациянын толук тексти arabaev.kg сайтына жайгаштырылган.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациянын кол жазмасы менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Автореферат 2016-жылдын “___” октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Н.У.Курбанова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Тарыхтын объективдүү алдыга карай өнүккөн агымы, андагы ата-бабалардын өмүрү элдин оозеки баяндарында жана жазма булактарында сакталат. Өткөн элдик баатырлардын кылган эрдиктери көп жылдар бою тарыхтын көмүскөсүндө болду. Азыр көп нерсе өзгөрүлүүдө. Тарыхтагы бөксө жерлер толукталып, ар бир элдин тарыхынын урунттуу учурлары өз-өз ордуна коюлуп жатат.

Кыргыз тарых илими кыргыз элин өзүн-өзү таанууга жол ачып, улуттук ар-намыс, эл биримдиги, мамлекеттик мүдөө деген түшүнүктү кастарлоого, улуттун ар тараптуу өнүгүшүнө багытталат.

Азыркы учурда тарыхчыларга коомдук-саясий, экономикалык жана идеологиялык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында, өткөн мезгилге объективдүү баа берүү милдети жүктөлдү. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын президенти А.Ш.Атамбаевдин 2015-жылдын 30-декабрындагы “2016-жылды тарых жана маданият жылы” деп жарыялоо жөнүндөгү Жарлыгы республиканын тарыхчылары үчүн идеологиялык багыттагы кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берди. Бул жарлыкта кыргыз элинин тарыхынын түйүндүү проблемалары аныкталып, аларды чечүү үчүн кайсы маселелерди тереңдеп изилдеш керек экендиги дагы бир жолу даана белгиленген. Алсак, жарлыкта: “мекенибиздин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн Тайлак баатырдын 220 жылдыгы белгиленет”- деп айтылган. Ушул сыяктуу мамлекет башчысынын, өкмөттүн коомдук өнүгүүнүн бурулуш мезгилиндеги кырдаалды туура баалап, анализдөөгө багыт берген жарлыктары, токтомдору проблеманы иликтөөгө туура багыт берди.

XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы кыргыз коомундагы уруулар аралык жана коңшу элдер менен болгон мамилелери, Циндик кытай жана Кокон хандыгы менен болгон карым-катнаштар, эркиндик үчүн күрөштөр, кененирээк изилдөөнү жана жаңыча көз караштагы тактоолорду талап кылат. Анткени, Кыргызстандын тарыхы белгилүү бир деңгээлде боордош, алыс жана жакынкы элдер менен тыгыз байланышта болуп, саясий-экономикалык, маданий өнүгүүсүндө бири-бирине, өз ара оң жана терс таасирин тийгизгени талашсыз.

Кыргыз Республикасынын аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Теңир-Тоо системасы (тилкеси) ээлейт. Бул системаны чечмелеп айтсак, географиялык аталыштагы Теңир-Тоо аймагы: чыгыш бөлүгү кытай ээлигинде (Чыгыш Түркстан), түштүк-чыгышынан Казакстанды, Кыргызстанды жана Өзбекстандын чыгыш бөлүгүн камтыган зор мейкиндик болуп саналат. Ушул зор аймакта XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарында сарыбагыш, бугу, саяк, черик, моңолдор, басыз ж.б. уруулар мекендеп жашашкан. Биз изилдеп жаткан мезгилде аягы Талас, башы Сары-Өзөн Чүй, Ысык-Көл ойдуңу, Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү: Ат-Башы, Нарын, Ак-Талаа, Тогуз-Торо аймактары менен Суусамырда бир кылымга жакын

кыргыздар, тынчын алган чет душмандарга каршы тынымсыз боштондук күрөшүн жүргүзүп келишкен.

Кыргыздар XVIII-XIX кылымдарда үч өлкөнүн: Кокон хандыгынын, Орусиянын жана Цинь Кытайынын экономикалык кызыкчылыктарынын объектисине айланган. Ошондой эле бул тарапка колониалдык умтулуусун Улуу Британия дагы жашырган эмес.

Теңир-Тоонун Орусия жана Кытай үчүн геосаясаттык маңызы түйүндүү маселелердин бири болгон. Цинь империясы өздөрүнө чек аралаш жайгашкан Чыгыш Түркстанды басып алууга умтулса, ушундай эле максатты көздөгөн Орусия үчүн Кашкар аркылуу түз соода жолу ачылмак. Ал эми Ферганалык кыргыздар жана тажиктер жашаган чөлкөмдөрдү басып алуу Кокон хандыгынын тышкы саясатындагы биринчи пландагы маселе болгон. Бул процесс XVIII кылымдын акыркы чейрегинде аяктагандан кийин, Кокон башкаруучуларынын жүзү Теңир-Тоого бурулган. Себеби, Кокон хандыгы үчүн бул территориянын саясий-экономикалык мааниси жогору болгон жана бул аймакка үстөмдүк кылуу үчүн хандык жерге болгон ээликке, куралдуу күчкө таянып башкаруунун катаал формасын тандап алган. Ошондой эле алык-салыктардын өсүшү, жергиликтүү бийликтегилердин зулумдуктары жана жоопкерсиздиги элдик кыймылдардын чыгышына себеп болду.

Айтор, XVIII кылымдын экинчи жарымы- XIX кылымдын 60-жылдары кыргыз элинин, ошонун ичинде Теңир-Тоолуктардын тарыхындагы өтө маанилүү маселелер курч жана абдан жыш коюлган мезгил болгон. Биринчиден, ички жана сырткы факторлордун таасири менен кыргыз уруулары бирдиктүү кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө аракет кыла баштаган. Ички факторлордун негизин айрым социалдык-экономикалык жана саясий факторлор түзгөн. Экинчиден, кыргыздар дал ушул жылдарда элди жана жерди сактап калыш үчүн Орусия жана Цинь империялары, Кокон хандыгы жана казак султандары менен тынымсыз күрөш жүргүзүүгө мажбур болгон.

Кыргыз тарыхындагы мындай маселелер мурдагы кыргыз-совет тарых илиминде бир беткей коммунисттик доктринанын эрежесине ылайык жана атайын иргелип алынган булактардын негизинде изилденип келген. Албетте, бул ал кездеги тарыхчылардын кемчилиги эмес болчу. Мезгил жана мезгилдин талабы башка эле. Ушуларды эске алуу менен, бул темадагы изилдөөнү жаңы булактар, жаңы методологиялык негиздер жана жаңыча илимий көз караштар менен жүргүзүп, тарыхый объективдүүлүктүн негизиндеги, жаңыча илимий бүтүм чыгаруу бул теманын актуалдуулугун түзөт.

**Диссертациялык эмгектин илимий программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертация демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргызстандын XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы тарыхы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий абалы болуп саналат.

**Маселенин изилденүү деңгээли.** Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын XVIII к. экинчи жарымы - XIX к. 60-жылдарындагы социалдык-саясий абалы, ошондой эле алардын азаттык үчүн күрөштөрү Кыргызстандын тарыхынын орчундуу проблемасы катары, XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап азыркы күнгө чейин изилденип келе жатат.

Бул изилдөөлөрдү жана эмгектерди дооруна жараша шарттуу түрдө үч мезгилге бөлүп кароого болот: 1. XVIII к. экинчи жарымынан XX к. башына чейин же 1917-жылга чейинки жарыяланган макалалар жана иликтөөлөр; 2. Совет доорунда жаралган эмгектер; 3. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки илимий изилдөөлөр.

I.**Биринчи мезгил – бул мезгилдеги** иликтөөлөрдүн алгачкы башаты XVIII кылымдын экинчи жарымынан же жунгар хандыгы кулагандан кийин орус тарыхчылары жана чыгыш таануучуларынын эмгектеринен башталат. Эң алгачкы жолу И.Г.Андреевдин [2.27], полковник Ф.К.Шубиндин отряды менен кошо Жети-Сууга келген дарыгер Ф.К.Зибберштейндин [1.21.2], А.И.Левшиндин [92], П.А.Словцовдун [2.122], Н.А.Северцовдун [2.119], В.В.Вельяминов-Зерновдун [2.51].Ч.Валихановдун [2.46,47,48], Семенов Тянь-Шанскийдин [2.120,121], А.П.Федченконун [2.141], Л.О.Костенконун [2.82] ж.б. атайын эмгектеринде, чакан публикацияларында кыргыздар боюнча анын ичинде Теңир-Тоолук кыргыздардын турмушу боюнча да маалыматтар белгилүү деңгээлде чагылдырылган.

XIX кылымдын биринчи жарымынан кийин Түркстан жерине, кыргыз элине ар кыл кесиптеги орустун окумуштуулары, чиновниктери келип, ар түрдүү изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Мазмуну менен көлөмү, алдына коюлган максаттары боюнча баскынчылык саясатка кызмат кылганына карабай, алардын эмгегинде тарыхый фактылар көп учурап кыргыз элинин саясий, социалдык, коомдук турмушун ар тараптан изилдөөгө жардам берет. Бул багытта А.И.Макшеевдин [2.95] эмгегин белгилөөгө болот.

Кыргыздар тууралуу кызыктуу маалыматтар Н.И.Гродековдун [2.56]., Н.Зеланддын [2.73]., В.П.Наливкиндин [2.100]., Н.И.Потаниндин [2.122] эмгектеринде арбын жолугат. Алардын ичинен кыргыз элинин Кокон хандыгындагы орду жана алардын өз ара байланышы тууралуу көрүнүктүү чыгыш таануучу В.П.Наливкиндин "Кокон хандыгынын кыскача тарыхы" аттуу китебинде көптөгөн кызыктуу маалыматтар бар.

II. **Экинчи мезгилде каралып жаткан маселе советтик тарыхнаамада** үч этапка бөлүнөт: 1) XX кылымдын 20-30-жылдарындагы; 2) 40-жылдардан 50-жылдардын аягына чейинки; 3) 50-жылдардан 80-

жылдардын аягына чейинки изилдөөлөр.

1. XX кылымдын 20-30-жж. Кыргызстандын тарыхын изилдеген алгачкы тарыхчыларыбыздын бири Белек Солтоноев болгон. Автордун “Кызыл кыргыз тарыхында” Тайлак баатыр менен Теңир-Тоолук кыргыздардын Цинь империясына, Кокон хандыгына каршы азаттык үчүн болгон күрөштөрү берилген [2.124], [2.125].

Ал эми орус окумуштуулары В.В.Бартольд [2.36,37] жана С.М.Абрамзон [2.24] Кыргызстандын тарыхын ар түркүн булактарга таянуу менен изилдеп жазышкан.

2. XX кылымдын 40-50-жылдарында, Кыргызстандын тарыхынын бул темага тиешелүү окуяларын кыргыздын көрүнүктүү окумуштуулары Б.Д.Джамгерчинов [2.59,60,61,62,63,64,65], А.Х. Хасановдор [2.144,145] терең изилдешип, өз салымдарын кошушту.

3.**Советтик тарыхнааманын 50-80-жылдарында** жарыяланган эмгектери өзүнчө бөлүп каралды. **Улуттук тарыхнааманын өкүлдөрү.** Совет кыргыз тарыхчыларынын ичинен К.У.Усенбаев өз эмгектеринде Кокон хандыгынын мезгилиндеги кыргыз элинин социалдык-экономикалык абалын абдан таасын ачып көрсөткөн [2.140].

Изилденип жаткан проблеманы тереңдеп билүүдө академик В.М.Плоскихтин эмгектеринин өз орду бар. Ал алгачкылардан болуп, XIX кылымдын башындагы араб алфавитиндеги жергиликтүү документтердин топтомун жарыялап, алар кыргыздардын XIX кылымдагы тарыхын атайын изилдөө үчүн баалуу маалыматтарды берет деген тыянакка келген [2.108,109]. Мындай эмгектердин катарына окумуштуу Д.Б.Сапаралиевдин [2.115.] XVIII-XIX кылымдардагы кыргыз элинин коңшу элдер менен болгон байланыштарына арналган эмгектерин кошууга болот.

**Коңшу өлкөлөрдүн тарыхнаамасынын өкүлдөрү.** Өзбекстандык тарыхчы Х.Н. Бабабеков XVIII-XIX кк. Кокон хандыгындагы элдик кый-мылдарга, алардын социалдык-экономикалык жана саясий өбөлгөлөрүнө өзгөчө көңүл бөлүү менен Теңир-Тоодогу Куртка чебинин саясий ордун аныктап, Кокон сарбаздары менен болгон кагылыштардагы Тайлак баатырдын эрдиктерин баяндаган [2.33]. Ал эми казакстандык тарыхчы Т.К. Бейсембиев биз изилдеп жаткан проблемага кайрылып, 1987-жылы Алма-Атадан чыккан “Тарих-и Шахрухи” как исторический источник” аттуу монографиясында кырктан ашык жарык көрө элек чыгыш кол жазмалардын негизинде, Кокондук Молдо Нияздын чыгармасын которуп, тарыхый булак катары колдонуу менен, Кокон хандыгынын социалдык-экономикалык, саясий, этникалык тарыхына жана хандыктагы идеологияга текстологиялык анализ жүргүзгөн [2.38]. А.Ходжаев кытай булактарына таянып, Чыгыш Түркстандагы Цинь империясынын таасиринин таралышын иликтөө менен бирге XVIII кылымдын ортосунан баштап Циндик Кытайдын тышкы саясатындагы Борбордук Азия мамлекеттери менен болгон эл аралык

мамилелерин чагылдырган[41].Казак окумуштуусу Б.А.Тулепбаевдин жооптуу редакторлугу астында Орто жана Борбордук Азия элдеринин XVIII кылымдардагы тарыхын изилдеген макалалардын топтому жарыяланган. Ага М.Я.Сушанло [2.129], Г.П.Супруненко [2.129], Т.К.Бейсембиев [2.38] жана башкалардын кытай жана орус архивдик булактарын изилдеп Циндик Кытай менен кыргыздардын ортосундагы мамилелерин, соода-сатык иштерин чагылдырган эмгектерди жарыялашкан.

Цинь империясы менен Кокон хандыгынын кыргыздар менен карым-катнашы, баскынчыл саясатына каршы күрөштөрү В.С. Кузнецовдун [2.83], Б.П.Гуревичтин [2.58], Х.Зияевдин [2.74] эмгектеринде чагылдырылган.

4. Кыргыз Республикасы **эгемендүүлүктү алгандан кийинки мезгилдеги** окумуштуулардын изилдөөлөрү улуттук окумуштуулар К.У.Усенбаев [2.138.48-85-бб.], С.Аттокуров [2.29.,30.,31.,32], Т.Омурбеков [2.101.,102], Т.Кененсариев [2.77.,78.,79], Ж.Б.Алымбаев [2.25], Ж.Жакыпбеков [2.68], Р.Жолдошев [2.69] сыяктуу тарыхчылардын эмгектеринен турат. Алар өз эмгектеринде XVIII к.экинчи жарымынан XIX кылымдын 60-жылдарына чейинки кыргыз элинин тарыхын ар тараптан изилдешкен. Бул эмгектерден Теңир-Тоолук кыргыздар тууралуу кенен маалыматтарды алууга болот. **Коңшу өлкөлөрдүн тарыхнаамасынын өкүлдөрү** болгон Казакстандык тарыхчылар Ж.Касымбаевдин [2.76], А.Ш.Махаеванын [2.97] монографияларында, санжыралык материалдарды жана КМШ өлкөлөрүнүн шаарларындагы архивдик документтерди кеңири пайдалануунун негизинде кыргыз-казак элдеринин социалдык-экономикалык абалы жана саясий жактан кооптуу мезгилдеги мамилелери терең изилденген.

5. **Диссертациялык изилдөөлөр.** Биз изилдеп жаткан проблемага тиешелүү М.С.Иманалиевдин [4.163], К.Молдокасымовдун [4.166], А.Койчуевдин [4.165], Ж.Б Алымбаевдин [4.161] диссертациялык эмгектеринде XVIII кылымдын аягы – XX кылымдын башына чейинки мезгилдерде Теңир-Тоодогу жана жалпы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушу, этносаясий түзүлүшүнүн түйүндүү маселелери көп багыттар боюнча терең изилденген.

Жыйынтыгында, изилденип жаткан проблемага тиешеси бар тарыхнаамалык материалдардын көп экендигин эске алып, бул маселеге түздөн-түз тиешеси бар гана илимий эмгектерге анализ берүүгө аракет кылынганын белгилемекчибиз.

**Изилдөөнүн булактарын диссертациянын** мазмунуна жана илимий деңгээлине жараша төмөндөгүдөй топторго бөлсө болот. Алар:

I. Диссертациялык иштин негизги базалык булактарын революцияга чейинки кыргыз жергесине келген саякатчы-изилдөөчүлөр менен, окумуштуулардын эмгектериндеги маалыматтары, алардын Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын жашоо-турмушу, чарбалык укладдары,

социалдык – саясий абалы жөнүндөгү эскерүүлөрү жана отчёттору.

II. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусундагы материалдар [1.2,3,4,5,6,7,8], Казак Республикасынын Улуттук китепканасынын сейрек кездешүүчү китептер жана кол жазмалар фондусундагы маалыматтар жана кол жазмалар [1.11,12,13,14].

III. Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын мамлекеттик архивдериндеги документтер: Кыргыз Республикасынын БМАсынын 75 -фонду; Казакстан Республикасынын БМАсынын 338, 3, 374, 2, 519-фонддорундагы маалыматтар. Мисалы, Казакстан Республикасынын БМ архивиндеги 3-фонддун 1-описиндеги 348-иште кыргыздардын уруулар ортосундагы касташкан мамилелери тууралуу маалыматтар берилсе, 338-фонддун, 1-описинин, 698-ишинде Батыш-сибирь генерал губернатору менен кытайлардын Кашкар менен болгон согуштары тууралуу каттардан, бул мезгилдеги кыргыздарга тиешелүү маалыматтарды ала алдык.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Диссертациялык ишти изилдөөгө историзм жана илимий объективдүүлүк принциптери негиз болду. Анын натыйжасында, жалпы жана айрым тарыхый процесстер тыгыз байланышта изилденип, жыйынтыктар чыгарылды.

**Диссертациялык иштин хронологиялык чеги** XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарын камтыйт.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты, XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий абалын изилдөө болуп саналат.

Бул максатка ылайык диссертациялык изилдөөдө төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Теңир-Тоодогу кыргыз урууларынын территориялык жайгашышын, элинин санын, алардын социалдык-саясий абалынын этаптарын иликтөө.
2. Тенир-Тоо кыргыздарынын Цинь бийликтери жана Кокон хандыгы менен болгон саясий мамилелерин ачып көрсөтүү;
3. Кыргызстандын түндүк аймактарындагы уруулар аралык жана казактар менен болгон саясий мамиленин курчушунун теңиртоолуктарга тийгизген таасирин аныктоо.
4. Кыргыздардын, анын ичинде Теңир-Тоо кыргыздарынын Цинь-манчжур баскынчылыгына жана Кокон хандарынын саясатына каршы күрөштөрүндөгү Атантай, Тайлак, Ажыбек баатырлардын ордун жана ролун аныктоо.
5. XIX кылымдын 60-жылдарындагы Теңир-Тоо кыргыздарынын Орусия тарабынан каратылышынын жана анын колониалдык саясаттарынын алгачкы кадамдарын иликтөө.

6. Жогорудагы коюлган милдеттерге ылайык, диссертациялык изилдөөнүн негизинде тыянактарды чыгаруу жана сунуштарды киргизүү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.**

Диссертациялык изилдөө жаңы булактардын, айрым жаңы методологиянын жана жаңыча көз караштардын негизинде жүрдү. Айрым сунуштар жана корутундулар жаңы концептуалдык багыттагы тыянактардын негизинде чыгарылды. Бир топ архивдик булактар системалаштырылып, илимий айлампага киргизилди.

**Диссертациялык иштин коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарында Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-экономикалык абалы патриархалдык-уруулук мамилелердин негизинде калыптанган. Ошондуктан, бул мезгилде кыргыз коомунун саясий-структуралык тизими олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес.
- Тарыхый булактар тастыктап тургандай, Теңир-Тоо кыргыздарынын Кокон хандыгы жана Цинь бийликтери менен мамилелери социалдык жактан теңдешсиз мамилелердин деңгээлинде болгон. Ошондуктан кыргыздар хандыктын жана цинь бийликтеринин саясаттарына каршы азаттык күрөштөрдү тынымсыз жүргүзүшкөн.
- Каралган мезгилде кыргыз урууларынын ортосунда өз ара майда жана ири кагылышуулар болуп турган жана ошол эле убакта алар казак султандарынын баскынчылык иштерине каршы азаттык үчүн салгылашууларды жүргүзүп турушкан.
- Кыргыз эли аталган мезгилдерде Циндик Кытайга каршы өз эркиндиги үчүн күрөшүп, Кокон хандыгынын курамында болсо да, элин-жерин чет душмандарга тарттырбай Циндик кытайлардан сактап калган.
- Кыргыздардын тышкы баскынчыларга каршы жүргүзгөн көз каранды эместик үчүн күрөшүндө Борбордук Теңир-Тоодон чыккан Атантай, Тайлак жана Ажыбек баатырлардын кол башчылык аракеттери тарых илиминде тиешелүү бааланууга тийиш.
- Түндүк Кыргызстандын белгилүү манаптары Ормон, Жантай жана Жангарачтар кыргыздарды өзүнчө бир мамлекетке бириктирүүгө аракет жасашкан. Бирок ал аракеттер толук максатына жеткен эмес.
- Түндүк кыргыз урууларынын Орусия империясынын курамына кирүү процесси карама-каршылыктуу мүнөздө болгон. Теңир-Тоо аймагындагы сарыбагыш, саяк, чоро, тынымсеит уруулары дароо эле Орусияга баш ийген эмес. Орус бийликтери аларга баш ийбеген Үмөтаалыны, Осмон даткаларды саясий изоляциялык акыбалга алып келишкен. Натыйжада, алар XIX кылымдын 60-жылдарында орус бийлигинин үстөмдүгүн таанууга мажбур болушкан. Ошондой болсо да, Осмон Тайлак уулу Кашкардан өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин деле оруска каршы күрөшүн уланта берген.

**Изилдөөчүнүн киргизген жеке салымы.**

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери, жаңы көз караштардын жана жаңы даректердин негизинде изилденди жана бир топ архивдик материалдар системага келтирилип илимий айлампага киргизилди. Изилдөөнүн негизинде айрым жаңы тыянактар, бүтүмдөр жана сунуштар жаралды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин материалдары кыргыз тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, атайын курстарды түзүүдө, массалык маалымат каражаттары аркылуу кыргыздардын тарыхый мурасын жана улуттук казынасын таанытып, кеңири пропагандалоого көмөк берет.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Изилдөөнүн орчундуу багыттары боюнча жыйынтыктары 12 эл аралык республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад түрүндө угулду. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстандын жаңы жана соңку мезгилдеги тарыхы, Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедраларынын кеңейтилген жыйынында талкууга коюлуп, коргоого сунуш кылынган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Изилденген тема боюнча илимий журналдарга 12 макала жарыяланды. Анын ичинен 3 макала РИНЦтин базасына кирет.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, эки баптан (5 параграф), корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын жана булактардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Кириш сөздө теманын актуалдуулугу далилденип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, хронологиялык алкагы аныкталып, илимий иштин жаңылыгы, коргоого алып чыгуучу негизги жобосу такталды.

Биринчи бап-“***Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын Орусияга каратылышына чейинки социалдык-саясий абалы”*** деп аталат.

Теңир-Тоо системасы (тилкеси) Кыргызстандын аймагынын көпчүлүк бөлүгүн камтыйт. Анын кыргызча өз аты Теңир-Тоо же Ала-Тоо (теңир, асман – кытайча тянь, тоо- кытайча шань, башкача айтканда асман тиреген бийик тоо дегенди билдирет). Тоонун азыраак чыгыш бөлүгү Кытай ээлигинде, көбүрөөк борбордук жана батыш бөлүгү негизинен Кыргызстанга тиешелүү. Теңир-Тоо (Тянь-Шань) тоо системасы – чыгыштан Кытай Эл Республикасынын Синцзян-Уйгур автоном районунун түндүк-чыгышынан башталып, түштүк-чыгыш Казакстанды, бүтүндөй Кыргызстанды жана батыштан Өзбекстандын чыгыш бөлүгүн камтыган ири аймак болуп эсептелет. Демек, Теңир-Тоо түшүнүгүнүн кең маанисинде Кыргызстандын

бүтүндөй түндүгүн, Казакстандын түштүк-чыгышын, Фергана өрөөнүнүн тоо кыркаларынан Памирге чейин, азыркы СУАРдын аймактарын камтып кетет. Ал эми тар маанисинде Теңир-Тоо деген тарыхый-географиялык түшүнүк өз ичине бир нече өрөөндү камтыйт. Алар Нарын, Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор, Жумгал, Тогуз-Торо өрөөндөрү, Арпа, Ак-Сай, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Кара-Кужур, Кара-Саз, Солтон-Сары жайлоолору болуп саналат.

Кыргыздар XVIII-XIX кылымдарда үч өлкөнүн: Кокон хандыгынын, Орусиянын жана Цинь Кытайынын көз арткан аймагына айланган. Ал эми Борбордук Теңир-Тоо улуу жибек жолунун бир тармагы болгондуктан, Орусия жана Кытай үчүн бул чөлкөмдүн геосаясаттык мааниси зор экендигин белгилеп кетишибиз керек.

Аталган аймакка үстөмдүк кылуу үчүн, Кокон хандыгы жерге болгон ээликке, куралдуу күчкө таянып башкаруунун катаал формасын тандап алган.

Бул процесс XVIII кылымдын акыркы чейрегинде аяктагандан кийин, анын башкаруучуларынын жүзү Теңир-Тоого бурулган. XVIII кылымдын биринчи жарымында түндүк-чыгыштагы кыргыздарды басып алган Кокон хандыгы үчүн бул аймактын саясий-экономикалык мааниси жогору болгон.

XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарында бул аймакты сарыбагыш, бугу, саяк, черик, моңолдор, басыз ж.б. уруулары мекендеп жашашкан.

Ушул мезгилде Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын коомдук турмушунда патриархалдык – уруулук мамилелер үстөмдүк кылган. Кыргыз эли оң канат, сол канаттан, ичкиликтерден туруп, көптөгөн урууларга, уруктарга, тукумдарга, бир атанын балдарына бөлүнүшкөн. Кыргыздардын чоң уруу бирикмелери негизинен бир өрөөнгө сыйган. Мындай тарыхый-географиялык абал алардын чарбалык жана этномаданий, этносаясий байланыштарынын тереңдеши үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Калыптанып калган ар бир уруунун өз кызыкчылыктары, эски адаттары, каада-салттары бар эле. Андан сырткары ар бир уруунун өзгөчө белгилери - аскердик туусу, эн тамгалары, өздөрүнө гана таандык ураандары да болгон. Жунгарлар Ала-Тоодон кеткенден кийин саяктардын бир бөлүгү түнкатар түнтөй уругу Кетмен-Төбөдө калып, курманкожо, кулжыгач, чоро, ыман уруктары Нарын өрөөнүндө: Ак-Талаа, Тогуз-Тородо жана Жумгал менен Кочкордо орун-очок алган. Сарыбагыштар болсо күн батышта Ысык-Атага чейинки Чүйдүн төрүн, эки Кеминди, Ысык-Көлдүн аягы менен Күнгөйүн, Кочкор жана Нарындын түндүк тарабын ээлейт. Азыктар аларга аралаш Чүй менен Кочкордо көчүп-конуп жүрүшчү. Нарындан ары Ат-Башы, Арпа, Ак-Сайды моңолдор менен чериктер жердешчү.

Кыргыз коомунун мүчөлөрүнүн өндүрүшүнүн негизи болгон жерге, айрыкча жайыттарга байлар жана манаптар ээлик кылышкан. Борбордук Теңир-Тоолуктардын социалдык жиктелиши коомдогу алган ордуна, ээлеген

байлыгына жана жерлеринин өзгөчөлүгүнө жараша болуп негизинен жогорку, башкаруучу чөйрөгө жана төмөнкү, аларга көз каранды жарды-жалчыларга бөлүнүп, мамилелери патриархалдык-уруулук мүнөзгө ээ болгон.

Ал эми Кокон хандары манаптардын бийлигин кош колдоп колдошкон, себеби алар манаптар аркылуу өздөрүнүн максаттарына жетээрине көздөрү жеткен. Орто кылымдардан бери эле кыргыз коомчулугунда коомдук-саясий жана экономикалык планда байлардын,бийлердин орду чоң болгон. Дагы бир социалдык категориянын катарына аксакалдар менен баатырларды кошууга болот.

XIX кк. ортосунда Кыргызстандын жарактуу жеринин негизги бөлүгү жайыт үчүн пайдаланылгандыктан, мал багуу чарбачылыктын негизги бөлүгү болуп эсептелген. Жалпы алганда көчмөн малчылык экстенсивдүү, дыйканчылык аз өндүрүмдүү болгон.

Жогоруда айтылгандай, феодалдык-бытырандылык шартта жашоо өткөргөн кыргыз урууларынын башын бириктирип борборлошкон бийликке баш ийдирүү аракети XIX кылымдын 40-жылдарында сарыбагыштардын манабы Ормон Ниязбек уулу (1774—1854-жж.) тарабынан башталган. Ага Кокон бийликтери парваначы наамын беришкен. Ормондун өзүнүн туусу бар болуп, мал-жаны да көп болгон. Ушунун баары ага өзүн хан деп жарыялоого мүмкүндүк берген. Ошондуктан 1840-жж. аягында азыркы Орто-Токой суу сактагычынын ордунда (Балыкчы шаарына жакын жерде) Ормондун жетекчилиги алдында сарыбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын тобу (жыйыны) өткөн. Көчмөндөрдүн байыркы салты боюнча уруу башчылары Ормонду хан көтөрүшөт. Ормондун кыргыз уруулары тарабынан хан болуп таанылышы кыргыз элинин саясий тарыхындагы прогрессивдүү бурулуш мезгили болуп саналат.

Азыркы мезгилде жаңы тарыхнаамалык илимий ой-пикирлердин катарында Кокон тарыхына байланыштуу маселелер кайрадан каралууда.

Кокон хандыгынын көп улуттуу болгондугуна карабастан ал “өзбек мамлекетиби?”, же “өзбек, кыргыз, тажик элдеринин кошмо мамлекеттүүлүгүбү?”, аны так белгилеген илимий критерий аягына чейин чечиле элек.

Азыркы кыргыз тарыхнаамасында жогорку көз караштардан айырмаланып, “Кокон хандыгы – бул көп улуттуу өлкө, өзбек этносу менен кошо эле кыргыз, тажик элдеринин да мамлекеттүүлүгү, кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн бир көрүнүшү” болгон деген көз карашты тарых илимине расмий алып чыккан изилдөөлөр бар. Бул багытта тарыхчылар Т.Кененсариевдин, К.Молдокасымовдун, Ж.Алымбаевдин жана башкалардын эмгектерин белгилөөгө болот.

Кокон хандыгынын кыргыз тарыхына XVIII-XIX кылымдар аралыгында кеминде 150 жылдан ашуун тикелей катыштыгы болгондуктан,

ал Кыргызстандын тарыхынын да олуттуу бир бөлүгү.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө жашаган кээ бир түштүк-кыргыз уруулары Кокон хандыгынын курамына кирген. Кокондуктар тарабынан 1818-1819-жж. Омор хан тарабынан казактардын кең аймагы жана түндүктөн Түркстан, Чимкент, Сайрам, Олуя-Ата шаарлары каратылган. Ушул мезгилден баштап Кокон хандыгынын Кыргызстандын түндүк аймагын басып алуусу башталган.

Бул мезгилдерде Кыргызстандын түндүк бөлүгү ар бири өз алдынча бийлик жүргүзүшкөн уруу башчыларынын кол алдында болгон. Булактарга таянсак Талас өрөөнүндө кушчу, саруу, кытай, мундуз уруулары, Чүйдө жана Суусамырда солтолор, саяктар, Чүйдүн баш жагында, Кочкордо жана Жумгалда сарыбагыштар, саяктар, Ысык-Көлдүн батыш, түндүк-батыш жагында сарыбагыштар, ал эми түндүк, түштүк, чыгыш жээктеринде, тоо этектеринде бугулар жана саяктар, Нарында, Тогуз-Тородо, Кетмен-Төбөдө сарыбагыш, саяк, черик, карабагыш жана башка уруулары жашаган.

Бул аралыкта Кокон хандыгына каршы толкундоолор алгач Кыргызстандын түндүк чөлкөмдөрүндө башталган. 1821-жылы таластык кыргыздар казак уруулары менен бирдикте, Тентек-Төрөнүн жетекчилиги алдында ири көтөрүлүшкө чыккан. Көтөрүлүшчүлөр Чымкент, Сайрам шаарларын алууга жетишкен, бирок Тентек- Төрөнүн солгун аракеттеринин натыйжасында күрөш Кокон хандыгынын пайдасына чечилген. Б.Солтоноевдин маалыматы боюнча, Кокондуктардын алгачкы жортуулдарында, анын сарбаздарынан жеңилип калган солтолордун бийи Канай баштаган солто, саруу урууларынан турган чоң көч 1824-25-жылдар чамасында Балхаш көлүнүн чыгыш тарабына, Иле боюна көчүп барышкан. Көчүүгө сарыбагыштан Төрөгелди, саяктан Атантай, Тайлактардын кыйыр да катышкандыгы айтылат. XIX кылымдын 20-жылдарынын ортосундагы Түндүк Кыргызстандагы бул окуялар Кокон хандыгынын саясатынын натыйжасы экендигинен кабар берет.

Ал эми Борбордук Теңир-Тоого чек аралаш жайгашкан Цинь империясы менен акырындык Жунгария менен Кашкариянын жерлерине чек ара кароолдорун коё баштаган. Ошентип, Цинь империясынын өзүнүн аймагы менен кыргыз, казактын жерлеринин ортосунда чек араларды факт жүзүндө бөлүштүрүү башталган. “Чек арадан” (Синцзяндан) түндүктө жана батышта казактар, ал эми батыштан жана түштүктөн-буруттар менен кошуна болушат” – деп кытай булактарында белгиленет. Циндиктер XVIII кылымдын 50-60-жж. кийин, “инспекциялык” кыдыруу жүргүзүп, Богдыхан кыргыз жерлерин официалдуу түрдө кытайдыкы деп жарыялабаса да, империянын аймагында жашап жаткандыгыңар үчүн деп элден зекет түрүндө койлорду, малдарды талап кылышкан.

Кокон башкаруучулары - бектер жана хандар Кытай империясынын жана анын Кашкардагы бийлик өкүлдөрүнүн чексиз укуктуу кожоюндары

сыяктуу кытай менен чек арасын тактоодо узакка созулган таймашууда Кокон башкаруучулары жана Цинь империясынын кимиси күчтүү болсо, ошолордун укуктары кеңири болгон. Аларды чек арага жакын жайгашкан жергиликтүү элдин тагдыры жана абалы таптакыр кызыктырган эмес. Керек болсо карапайым эл чет элдик баскынчыларга, циндиктерге да, кокондуктарга да салыктарды төлөөгө, эки мамлекеттин тең чек араларына кароол болуп кызмат көрсөтүүгө мажбур болушкан. Мисалга алсак, кытай менен чек аралаш жайгашкан чоңбагыш, черик уруулары Кокон тарапка да, Чыгыш Түркстандагы цинь бийлигине да салык төлөөгө туу ра келген учурлар болгон.

Бирок, Кокон феодалдары кашкар-цинь бийликтерине караганда басып алган жерлерин өздөрүнө каратып, бекемдеп алууга жетишишкен.

Жангир кожонун көтөрүлүшүн баскандан кийин, цинь-манчжур бийликтери чыгыш Түркстандагы цинь бийлигине каршы көтөрүлүшкө катышты деп айыптап тынч жашаган уйгур жана кыргыз элдерине өтө катаалдык менен мамилелерди жасай башташкан. Циндик аскерлер Кашкар менен чектешкен кыргыз айылдарына каршы чабуулдарды жүргүзүп турган.

Мындан ары Чыгыш тараптан, ага чектеш Теңир-Тоодогу саясат кытай-кокон мамилелеринин татаалдашына алып келген. Хандын кызыкчылыгы бар Кашкар менен Кокондун ортосунда соода жүргүзүүгө Кытай тыюу салган. Кытайдын Кулжа менен Чугучак шаарлары да Кокондуктар жана кыргыздар менен гана соода жүргүзүп келишкендигин жазма булактар аркылуу биле алабыз. Муну менен катар, Богдыхан Мадалыны хан катары көргүсү келбегендиктен, кайрылууларында аны бек деп атагандыгы да хандын ачуусун келтирген. Мындан тышкары цинь-кашкар бийликтери көптөгөн кокондук соодагерлерди аймактан кууп чыгышкан.

1829-жылдын күз айларынан тартып Коконго чай жана ышкын (дарылык касиети мол жана боёк жасалуучу өсүмдүк) алып барууга, ал эми Кокондуктарга болсо Кашкарга товар алып барып сатууга тыюу салынган. Бирок Циндиктер Жангир кожонун көтөрүлүшүн активдүү колдогонун эстеп турушса да, кыргыздардын малына муктаж болгондуктан, Кокон хандыгына көргөн чараларды Теңир-Тоолук кыргыздарга колдонушкан эмес.

XIX к.50-жж. Кудаяр хандын башкаруу мезгилиндеги оор салык саясаты, зекет чогултуучулардын кордугу кыргыздардын каршылык көрсөтүүсүнө алып келген.

Ошондой болсо да, кыргыз элинин азаттык үчүн күрөшүнүн тарыхында, социалдык-экономикалык өнүгүшүндө Кокон хандыгынын өз алдынча орду бар.

XIX к. биринчи жарымында кыргыздардын ички абалы бир жагынан уруулар ортосундагы, экинчи жагынан коңшу элдер менен болгон согуштар, тагыраак айтканда казактардын Улуу жүзү менен болгон согуштар менен коштолгон.

XIX к. биринчи жарымында, кыргыз урууларынын ортосунда майда, кээде ири кагылышуулар болуп турган. Сарыбагыш жана бугу урууларынын күрөшү күч алып, ал падышалык Орусиянын курамына киргенден соң гана аяктаган. Бул уруулар аралык согуштардын мүнөзү жана максаты ар түрдүү болгон. Көнүмүш болуп калган уруулар аралык чабыштар малын айдап кетүү , барымта, туткунга алуу ж.б. менен коштолгон. Кийинчирээк жерлерди басып алуу, жайыттарга ээ болуу максатында бул көрүнүштөр артта калган. Булар менен катар эле бир нече ак сөөк тукумунун өкүлдөрү өздөрүнүн саясий гегемониясын кеңейтүү жана бекемдөөгө кылган аракеттерине байланышкан саясий мүнөздөгү себептер пайда боло баштаган. Сарыбагыш уруусунун башкы манабы Ормондун түндүк кыргыз урууларын бириктирип жана кыргыз хандыгын түзүү аракеттерин айтсак болот. Манап Ормондун саясий башкарууну борбордоштурууга болгон умтулуусу бир жагынан саяктар менен бугулардын башчыларынын уруулар аралык кагылышуусуна алып келсе, башка жагынан Кокондун жана Кытайдын тоскоолдугуна туш болгон. XIX к. биринчи жарымында сарыбагыш, бугу, саяк урууларынын ортосунда бири-бирине кол салуулар күндөн-күнгө күчөгөн. Саяктар менен сарыбагыштардын бири-бирине болгон кол салуусу, андан тышкары алардын Кокон менен Кытайга баш ийип калуу коркунучу, 1824-жылы бугу манаптарынын Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугуна кайрылуусуна мажбур болууга шарт түзгөн. Жогоруда белгилегендей кыргыз коому, айрыкча Теңир-Тоолуктарда бул мезгилде феодалдык-урууучулук мамилелердин калдыктары өтө күчтүү сакталган феодализмдин стадиясында турган. Кокон хандыгынын бийлигинин орношу дагы уруулар аралык кастыкты токтотуп кала алган эмес.

Кыргыз жана казак элдеринин ортосундагы мамилелердин курчушу Жунгар мамлекети кулап, кыргыз-казак өз конуштарына кайтып келген мезгилге туш болгон. Санжырадагы маалыматтарга караганда, кыргыздар менен казактардын жер талаш маселелери боюнча Кокон хандыгынын мезгилинде, анын кийлигишүүсү менен жүзөгө ашырылган. Кокондуктардын кыргыз-казак чек ара маселесине кийлигишүүсү XIX кылымдын 20-жылдарынан баштап Чүй өрөөнүн басып алууга жасаган чабуулдары менен байланышкан. 1822-жылы Олуя-Ата чеби салынып, эми алардын аракеттери Түндүк Кыргызстанга багыттала баштаган.

Казак-кыргыз мамилелери да бул мезгилде тынч болгон эмес. Ошентип, эки элдин мамилелеринин өнүгүшү бир жагынан Кокон хандыгынын басып кириши жана экинчиден, казактардын Орусиянын карамагына өтө башташына байланышкан тарыхый кырдаал аркылуу аныктала баштады. Бирок, Ормон хан башында турган түндүк кыргыз урууларынын саясий абалынын жогорулашы менен кыргыз-казак мамилелеринин жаңы этабы башталган.

Кенесары Касымовдун орустарга каршы көтөрүлүшүнүн жүрүшүндө

Казакстандын борбордук аймактарында ийгилик болбогондуктан, орустардан куугунтук жеген султан Кенесарыны Жети-Суу аймагындагы улуу жүз казактарынын жана кыргыздардын конуштарын көздөй ооп келишине аргасыз кылган. Эми, Кенесарынын улуу жүз казактарын жана кыргыздарды кол алдына баш ийдирип, орустарга каршы кайрат көрсөтүп каршы чыгууну көздөй баштады. Муну биз, казак султаны Кенесары Касымовдун 1845-1847-жж.кыргыздарга кол салуусунан көрсөк болот.

Жыйынтыктап айтканда, Кенесарынын кошууну менен Ормон хандын кошуундарынын XIX кылымдын 40-жылдарындагы өз ара кагылышуулары көчмөнчүлүк коомдогу "варварчылык түзүлүшкө каршы варварчылык ыкмалар менен" жүргүзүлгөн кыргыздардын азаттык күрөшүнүн бир көрүнүшү болуп эсептелет.

Ушул трагедиялуу окуялар аяктагандан кийин, казак-кыргыздын эл башчылары 1847-жылы 22-августта Капалга чакырылып, өз ара бүтүм чыгарып, ага кол коюшту. Бул келишимге Ормондун уулу Үмөтаалы, Карабектин уулу Жантай ж.б.; казактар жагынан Али Адил уулу, Акыш Абылай уулу сыяктуу бийлер катышып, казактар кыргыз эли менен ынтымакта тынч туруугa, барымта, карактоо, киши өлтүрүүгө жол бербөөгө, эгер ушул ант бузулса Орусиянын мыйзамы аркылуу жазаланууга милдеттенишип колдорун коюп, мөөрүн басышкан. Ошентип, кыргыздар Кенесарынын агрессивдүү жортуулуна чечкиндүү жооп беришкен. Бул окуя түндүк кыргыздарынын саясий ролунун маанилүү деңгээлде жогорулашына алып келди. 1846-1847-жылдардын аралыгы боордош кыргыз-казак элдеринин карым-катнашынын тарыхындагы өтө татаал кезеңдердин бири болуп калды. Ал эми уруулар ортосундагы жогоруда келтирилген мисалдар сыяктуу ич ара чыр-чатактар, казактар менен болгон кагылышуулар, Орусия империясынын Түркстандагы басып алуучулук саясатынын тездешине шарт түздү.

Экинчи бап "**Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын азаттык күрөштөрү"** деп аталат.

Кыргыздар XVIII кылымда Орто Азияда жана Чыгыш Түркстанда негизги этностордун бири болгондугу белгилүү. Бирок алардын биригүү процесси аяктаган эмес. XVIII кылымдын 50-жж. кыргыздар үчүн жаңы процесс башталган. Кыргыз урууларынын Ала-Тоого кайра келишинин натыйжасында, Ысык-Көлдө, Чүйдө, Таласта, Чаткалда, Борбордук Теңир-Тоодо, Алай, Памир, Ферганада алар башка этносторду өз боюна сиңирип, Борбордук Азиядагы чоң этноско айланышкан. Жунгар хандыгынын талкаланышынан кийин Орто Азиядагы саясий жана экономикалык абал түбү менен өзгөрдү. Жерлер бошоп, кыргыздар өз ара жайытын, малын доо кылып жатканда, мурунку Жунгар хандыгына караган жердин баарын өзүмдүкү деп санаган чыгыштагы кубаттуу Кытайдын бул өңүттө өз үстөмдүгүн орнотууга умтулду.

Ал эми генерал Чжао Хой калмактардын кол башчыларын кууп отуруп, Санташты ашып Ысык-Көлгө келишип, айылдарын талап-тоноп, бүлгүнгө учуратышканда кыргыздар куралдуу каршылык көрсөтүшкөн. Атышуулардын натыйжасында бир нече кишилер жарадар болушуп, каза тапкандар да болгон. Кытайлар андан Жумгал, Тогуз-Торого, Таласка чейин барып, Памирге чейин жетишкен. Барган жерлеринде император Хун Линин манифестин жарыялашкан. Кыргыздардын этносаясий территориясын, Цинь империясы, Орто Азияга, Борбордук жана Батыш Казакстанга андан ары тереңдеп кирүү боюнча плацдарм катары көргөн. Бирок Борбордук Теңир-Тоо кыргыздары эч качан Цинь империясына “баш ийген вассал” болгулары келген эмес. Тескерисинче, XVIII кылымдын аягынан XIX кылымдын 60-жылдарынын аягына чейин алар Чыгыш Түркстандыктардын Цинь империясына каршы багытталган кыймылдарына активдүү катышышкан жана колдошкон. Ал эми кыргыздардын этносаясий аймактарына ээлик кылуу максаттарын ишке ашырам деген кытай кошуундарынын аракеттери ийгиликсиз болгон.

Профессор С. Аттокуровдун берген маалыматына таянсак, XIX кылымдын 20-жылдарында Теңир-Тоо кыргыздары кашкар тактысына талапкер, мурунку кожолордун мураскору Жангир кожо башында турган Синьцзяндагы Цинь империясына каршы көтөрүлүштү колдошкон. Мындай көтөрүлүштөрдүн бири катары XIX кылымдын 20-30-жылдарындагы Тайлак баатыр башында турган Теңир-Тоолуктардын Цинь империясына жана Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүштү мисал келтирсек болот. Бул көтөрүлүштүн келип чыгышынын себептеринин бири, бул мезгилде кыргыздардын негизги күчү Кашкарда жүргөндүгүнөн пайдаланып, кытайлык аскерлер кыргыз айылдарына кирип келишип, эч күнөөсү жок жергиликтүү жашоочуларды, карыларды жана жаш балдарды да аябастан өлтүрүп кетишкендигинен башталган. Тайлак баатыр кабар угуп, айылдан анча алыс эмес кытайлыктардын артынан кууп жетип, аларды талкалаган. Манчжур-кытайлар мындан башка дагы бир нече жолу Теңир-Тоодогу кыргыз конуштарын ээлөөгө аракет жасашып, бирок андан майнап чыккан эмес.

Теңир-Тоонун уулдары, Тайлак баатыр Ырыскулбек уулу жана Ажыбек баатырлар калкынын келечегин ойлогон, ич ара ынтымакты чыңдоону, эң башкысы көз каранды эместикти көздүн карегиндей сактоону көздөшкөн. Бир кезде өз эл-жеринин эгемендигин коргоп, 1825-жылы басып кирген цинь-манчжурдук кошуунду кыйраткан, 1827-жылы Кашкардагы антициндик көтөрүлүшкө колдоо кылган, 1830-жылдары Ферганалык кокон хандыгынын зулумдугуна каршы Тайлак баатыр-Ырыскул уулунун Кыргызстандын тарыхында тарыхый орду жана ролу бар. Ошондуктан, Тайлак баатырдын тарыхтагы ээлеген ордун, анын коомдук жана эл аралык ишмерлигин көрсөтүү, атап айтканда Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын

башын кошуп, уруулар ортосундагы биримдүүлүктү, ынтымакты чыңдап, калкын тышкы душмандардан сактап, коңшулаш элдер менен ымала кылып, элдин камын көздөгөнүн талдап так көрсөтүү биздин негизги милдет деп ойлойбуз.

Дагы бир тарыхый инсан-Ажыбек Токтобай уулу да XVIII кылымдын аяк ченинде Ат-Башыда жарыкчылыкка келип, жигит болуп эр жеткенде черик уруусун башкарган манап болуп чыккан. Тышкы душмандар бытырандыга учураткан элди чогултуп, кол кураган. Чыгыш Түркстан тараптагы жана Ат-Башыдагы чериктердин башын кошуп кармап турган. Чыгыш Түркстанга кеткен соода жолун көзөмөлдөп, кербендерди ууру-каракчыга тонотпой, Кытайга чейин жеткирип, алардан акысын алып, элин баккан. Ал Ата Журтунун көз каранды эместиги үчүн канын-жанын аябай күрөшкөн инсан.

Ажыбек баатыр Кокон хандыгынан келген буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү аткарбай элин өзүнүн ойлогонундай башкарып, өз убагында душмандан калкалай алган. Ошондуктан Кокондук төрөлөр дагы, Кашкарлык кожолор дагы, Синьцзяндагы Цинь императорунун кытай богдыханынын наместниги – генерал-губернатору дагы ага абдан аяр, сак мамиле кылып, ынтымак түзүүгө аракет кылышканы талашсыз.

Жыйынтыктап айтканда Ажыбек баатырдын элине сиңирген эмгеги зор. Ал кыргыз жерин сырттан кирген душмандан коргоп, элинин бейпилчиликте жашоосун самаган. Арпанын аягы Кептештен тартып, Түз-Белден ары Чатыр-Көлдүн күңгөй, тескейинде, Жалгыз –Көл, Үзөңгү-Куушка чейинки Ак-Сай өрөөнүндө көчүп-конуп жүргөн. Ал башкарган черик уруусу бир чети чек арачы катары жашашкан. Иш жүзүндө Ажыбек баатыр бул тараптагы кыргыздын жер чегин бөлүп, болочок чек арага негиз салган. Андан тышкары Ажыбек баатыр көз каранды эместик үчүн күрөштүн уюштуруучусу жана жол башчысы болгон. Ал XIX кылымдын орто ченинде Ала-Тоо аймагында болуп өткөн орчундуу окуялардын кайнаган чордонунда жүрүп, кыргыз элинин ошол доордогу саясий тарыхында олуттуу роль ойногон.

Даректүү маалыматтарга караганда, орус жана кыргыз элдеринин өкүлдөрүнүн түздөн-түз байланышы XVIII кылымдан башталат. Ал эми Кыргызстандын аймагы так, даана берилген географиялык сүрөттөмөлөрү XVIII кылымдын экинчи жарымында орус карталарында берилген.

Андан кийин, орус-кыргыз мамилелеринин башаты жөнүндөгү маалыматтардын толукталышына: көпөстөр, “эрксиз саякатчылар”, мындайча айтканда, ар кандай кырдаалдарда тигил же бул тарапта туткунда калып, кийин элине аман кайтып баргандар себеп болушкан. Ошентип, Теңир-Тоо кыргыздары менен Орусиянын ортосундагы биринчи официалдуу байланыштар XVIII кылымдын акыркы чейрегине таандык болгон.

XVIII к. аягы - XIX к. башындагы Орусиянын Орто Азияга болгон

саясатынын маңызы сооданы кеңейтүү, Кытай менен Индияга жаңы соода жолдорун издөө болуп саналган. Биз изилдөөдө колдонгон жазма булактардын эң маанилүүсү жарык көргөн архивдик документтер болуп эсептелет.

Кыргыздардын ички жана тышкы саясий турмушунда алардын Орусия менен болгон жакындашуусунун бирден-бир себеби, XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыздар менен казактардын, анын ичинде казактардын Улуу жүзү менен болгон кагылышуулар, кыргыздардын уруу аралык согуштары болгон.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, XVIII кылымдын акырында-XIX кылымдын башында кыргыз уруу башчыларынын Орусия менен жакындашууга шарт түзгөн ыңгайлуу өбөлгөлөрүнүн бири, аталган мезгилдеги Теңир-Тоо чөлкөмүнүн маанилүү соода жолдорунун түйүнү катары Орусиянын экономикалык-саясий кызыкчылыктарына шайкеш келгендигинде турат.

XVIII к. аягы - XIX к. баш чендеринде Теңир –Тоо чөлкөмү маанилүү соода жолдорунун түйүнү катары Орусиянын кызыкчылыгын арттырып, кыргыздарды үгүттөө жолу менен Орусиянын букаралыгына киргизүү максаты коюла баштагандыгын акыркы изилдөөлөр тастыктады.

XIX кылымдын 60-жылдарында Орусия империясынын аскерлеринин астында жергиликтүү кыргыз урууларын Кокондун таасиринен бошотуп, Орусия империясынын саясатына баш ийдирүү милдети турган. Бул саясатты ишке ашырууда Орусия империясынын Борбордук Теңир-Тоодо Кытай жана Кашкар менен соода мамилелерин күчөтүүсү негизги маселелердин бири болгон. Ал эми Кытай, Кашкарга карата Түндүк Кыргызстан аркылуу соода жолдорун ачуу эң эле ыңгайлуу болгон. Себеби, Верный чебинен Кашкарга чейинки аралыкта түз сызык катары эсептесек, болгону 400 верстту түзгөн. Орусиянын жаңы оторчул аскер бийликтери эгемендик үчүн күрөшкөн кыргыз бийлеринин артынан сая түшүү үчүн улам жаңы кошуунду аттандырып турган. Орус бийликтеринин Кашкарга жасаган жортуулунун учурунда, Борбордук Теңир-Тоодо жашашкан көптөгөн кыргыз уруулары Орусия империясынын курамына тынчтык жолу менен кирүү тууралуу ойлорун билдиришкен. Мисалы, черик уруулары жашаган аймак, Кокон хандыгы менен Цинь империясынын чек араларына аралаш жайгашкандыктан, Кытай бийликтери да, Кокондуктар да салык салышып, кош эзүүгө дуушар болушкан. Мындай абал, черик уруусун башкарган манап Турдумамбет Тойматовду 60-жылдарда эле орус бийликтерине 5000 түтүн чериктердин атынан аларды Орусия империясынын букаралыгына кирүү жөнүндөгү кат менен кайрылууга мажбур кылды. Ошентип, 1863-жылы 13-октябрда чериктердин өкүлдөрү салтанаттуу түрдө Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна өз урууларынын ыктыярдуу түрдө Орусия империясына букара болуп киргендиги жөнүндөгү антты беришкен. Бул окуялар түндүк кыргыз урууларына Орусия империясынынын таасиринин

тереңдешине алып келген.

Ошентсе да, түндүк кыргыз урууларынын Орусия империясынын курамына кирүү процесси жалаң эле тынчтык жолу менен жүргөн эмес,жана карама-каршылыктуу мүнөздө болгондугун да айта кетишибиз керек. Алсак, сарыбагыш уруусунун бийи Үмөтаалы Ормон уулу жана Тайлак баатырдын уулу Осмон даткалар Орусиянын курамына кирүүнү каалашкан эмес.

Теңир-Тоодогу аскердик экспедициянын курамындагы саякатчы Н.А.Северцовго туш тарабынан жолу буула баштаган Ормон уулу Үмөтаалы 1867-жылы Орусия букаралыгын таануу ниетин оозеки билдирген жана уулу Акташты Верный чебине аттандырган.

Ал эми Тайлак баатырдын уулу Осмон датка инсан катары кыргыз тарыхнаамасында өзүнүн объективдүү концептуалдык туура баасын ала элек. Үмөтаалы Ормон уулунан айырмаланып, Осмон датка оторчуларга каршы маанайынан жазган эмес. Орус аскер төбөлдөрү анын уулу Мамырканды камакка алышып, Верный чебиндеги түрмөгө жөнөтүшкөн. Ага карабастан Осмон эгемендик үчүн саясатын андан ары тереңдетип, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо аймактарындагы конуш жайларына ары-бери журт которуп согуш аракеттери үчүн оңтойлуу учурду издеген. Ал 1868-жылы жайында үйөз башчысы Г.С.Загряжскийдин өргүү жайына кол салат. Бирок бул кол салуу оңунан чыккан эмес. Ошентип, Осмон датка 1868-1878-жылга чейин 10 жыл аралыгында Кашкарда Жакыпбекке карап туруп калат. Бирок, 1878-жылы Жакыпбек өлгөндөн соң, анын өлкөсүн кытайлар басып алгандан кийин, Кытайдын жазалоочу аскерлери менен бир нече жолу кагылышып, аман калган өз эли-журту менен Кыргызстанга кайтып келет. Ал өз мекени Тогуз-Торого келгенден кийин, Келдибектин уулу: “Осмон аке, Сиз Ташкенге барып кагаз алып келиңиз” деп кеңеш берет. Ошондо жанына Кичине баатыр деген жигитин алып, Ташкенге барып, ал жерде 6 ай жүрүп, орус бийлигинен акталган кагаз алып келет. Бул документ Осмон датканын орус бийлигин официалдуу тааныгандыгынын далили болгон.

Жогорудагы тарыхый фактылар көрсөткөндөй, Борбордук Теңир-Тоолуктардын Орусия менен байланыштарынын башаты, андан ары өнүгүшү жана жыйынтыгы сыдыргыга салгандай бир калыпта тегиз өнүккөн эмес.

Жыйынтыгында айтаарыбыз, атактуу баатыр инсандарыбыз жана уруу бийлерибиз ар дайым элинин бай жана тынчыкта бейпил жашоосу үчүн кам көрүшкөн. Алар кыргыздардын түпкү кызыкчылыктарын коргоодо чечүүчү роль ойногон.

## КОРУТУНДУ

• Борбордук Теңир-Тоону XVIII к. экинчи жарымы-XIX к. 60-жылда-рында сарыбагыш, бугу, саяк, черик, моңолдор, басыз ж.б. уруулары мекендеп, феодалдык-патриархалдык түзүлүштө жашашкан. Ар бир урууга

бөлүнгөн топтор экономикалык жана административдик өз алдынча бөлүктү түзүшүп, башкаруунун формалары негизинен адат менен салттардын негизинде жүргүзүлгөн.

• XIX к. биринчи жарымында кыргыздардын ички жана саясий турмушу бир жагынан уруулар ортосундагы, экинчи жагынан коңшу элдер менен болгон согуштар, тагыраак айтканда казактардын Улуу жүзү менен болгон кагылыштар менен коштолгон.

• Ошол эле учурда кыргыз урууларынын арасында мамлекеттүүлүктү түзүү аракеттерине байланышкан саясий мүнөздөгү иштер болгон. Буга мисал катары, сарыбагыш уруусунун башкы манабы Ормондун түндүк кыргыз урууларын бириктирүү жана кыргыз хандыгын түзүү аракеттерин айтсак болот.

• Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кыргыз эли, анын ичинде Теңир-Тоо кыргыздары каралып жаткан мезгилде азаттык күрөшүн тынымсыз жүргүзүп келишкен. Буга мисал катары, Атантай, Тайлак баатырлардын Цинь империясынын экспансиялык саясатына каршы чыгууларын, Чыгыш Түркстандыктардын да азаттык кыймылдарына активдүү катышкандыктарын айтсак болот.

• Кокон хандыгынын орто кылымдык деспоттук башкаруусу, алык-салыктын оордугу жана алардын зулумдугу, зордук-зомбулуктары Теңир-Тоолук кыргыздарды эркиндик үчүн күрөштөргө чыгарган. Кыргыздардын Кокон бийлигине каршы күрөшү (Тайлак баатырдын) өзүнүн мазмуну жагынан элдик азаттык кыймылга жатат.

• Борбордук Тенир-Тоо кыргыздары XVIII к. экинчи жарымы-XIX к. 60-жылдарында Цинь бийликтери жана Кокон хандыгы менен активдүү саясий мамиледе болушкан. Кокон хандыгынын салык жана башка саясатына каршы чыгып турушса да кыргыз элинин социалдык-саясий өнүгүшүндө хандыктын өз алдынча орду бар. Ал эми Цинь империясынын баскынчылык саясаттары Тенир-Тоого саясий жактан таасир эте алган эмес.

• Түндүк кыргыз урууларынын, анын ичинде Борбордук Теңир-Тоолуктардын Орусия империясынын курамына кирүү процесси жалаң эле тынчтык жолу менен жүргөн эмес. Алсак, Үмөтаалы Ормон уулу жана Тайлак баатырдын уулу Осмон датка Орусиянын курамына кирүүнү каалашкан эмес. Теңир-Тоо аймагын жайлаган сарыбагыш, чоро саяк, моңолдор, тынымсейит урууларынын бир катар өкүлдөрү (жалпысынан 8 миң түтүндөй) Орусияга баш ийбеген Үмөтаалы Ормон уулун жана анын шериги Осмон датканы да колдоого алып турушкан.

Жогорудагы тарыхый фактылар көрсөткөндөй, Теңир-Тоолуктардын Орусия менен байланыштарынын башаты, андан ары өнүгүшү жана жыйынтыгы бир калыпта тегиз өнүккөн эмес.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын XVIII кылымдын экинчи жарымы- XIX кылымдын 60-жылдарына чейинки социалдык-саясий абалын жана азаттык күрөштөрүнүн жүрүшүн изилдөөнүн натыйжасында келип чыккан тыянактардын негизинде, төмөндөгүдөй практикалык сунуштарды белгилейбиз:

- Кыргыз тарых илиминде акыркы мезгилдерде туруктуу мүнөздө колдонулуп жүргөн Теңир-Тоо деген географиялык аталыштагы түшүнүктү мындан ары да ар тараптан бекем негиздеп, илимий айлампага биротоло киргизүү мезгилдин талабы катары кабыл алынсын.
- XVIII кылымдын экинчи жарымындагы –XIX кылымдын 60-жылдарындагы Теңир-Тоо кыргыз урууларынын географиялык жайгашышын, социалдык-экономикалык жана саясий абалынын ырааттуу процессин, динамикасын, булактардын негизинде комплекстүү изилдөөнү өркүндөтүү абзел.
- Кыргыз элинин, анын ичинде, түндүк кыргыз урууларынын аталган мезгилдеги Кокон хандыгы менен болгон мамилелерин, уруулар аралык жана коңшу элдер менен болгон байланыштарын жаңы булактардын жана жаңы илимий-методикалык көз-караштардын негизинде иликтеп, аныктап чыгуу сунушталсын.
- Азаттык үчүн тынымсыз күрөшүп келген кыргыз элинин, анын ичинде Теңир-Тоолук кыргыздардын аталган мезгилдеги Цинь-манчжур үстөмдүгүнө, Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы боштондук күрөштөрүнүн жүрүшүн объективдүү историзм принцибинин негизинде жаңы табылган архивдик булактарды пайдалануу менен ар тараптуу изилдөө күн тартибиндеги негизги маселелер катары белгиленсин.
- Теңир-Тоолук кыргыздардын тышкы душмандарга каршы күрөшүнүн кол башчылары: Атантай, Тайлак баатырлар, Ажыбек баатыр жана башкалардын аскер башчылары катары согуш өнөрүн мыкты өздөштүргөндүктөрү, анын натыйжасында алардын жеңишке жетишкендиктери кыргыз тарых илиминде терең изилденип, орто мектептердеги жана жогорку окуу жайлардын программаларына киргизилиши каралсын.
- Осмон, Үмөтаалылардын орустардын саясатына каршы аракеттери “түндүк кыргыз уруулары Орусия империясынын курамына жалпы өз ыктыяры менен кирген” деген тезисти өзгөртүүгө же жокко чыгарууга негиз болушу мүмкүн. Ошондуктан, Теңир-Тоолук кыргыздардын Орусия империясынын курамына кириши мындан ары тереңирээк изилденип, жыйынтыктар чыгарылып, кыргыз тарых илиминин тиешелүү мезгилдерине айрым өзгөртүүлөр киргизилиши көңүлгө алынсын.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган**


1. Чодолдоева Г.Ж. Тайлак баатыр-Теңир-Тоо кыргыздарынын тышкы душмандарга каршы күрөшүнүн жетекчиси [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. Серия 1. – Выпуск 6. – Бишкек: КНУ, 2007. – С.146-149.
2. Чодолдоева Г.Ж. Кокон хандыгынын бийлигинин тушундагы Теңир-Тоо кыргыздарынын саясий-экономикалык абалы [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Кашгари-Барскани атындагы чыгыш унисерситети. "Билим жана тарбия". "Коомдук илимдердин өнүгүүсүндөгү проблемалар: маселе, чечүү, келечеги" атуу илимий-практикалык конференциянын материалдары. –Бишкек,2012. – С. 105-107.
3. Чодолдоева Г.Ж. XIX кылымдын биринчи жарымындагы Борбордук Теңир-Тоонун социалдык абалы [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: вызовы и возможные решения.// Материалы международной научной конференции, посвященной 75-летию первой кыргызской женщины – ученого-этнографа Какен Мамбеталиевой. -Бишкек, 2013, -С.312-319
4. Чодолдоева Г.Ж. Тайлак баатырдын кыргыз тарыхындагы орду жана ролу [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Актуальные проблемы истории Кыргызстана. Материалы республиканской научной конференции, посвященной 80-летию профессора Аттокурова С.А. –Бишкек,2013. –С. 274-278
5. Чодолдоева Г.Ж. Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын уруулар аралык жана коңшу элдер менен болгон мамилелери [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. Выпуск 5. – Бишкек,2013. –С. 195-200.
6. Чодолдоева Г.Ж. XIX кылымдын биринчи чейрегинде Кокон хандыгынын Теңир-Тоо кыргыздарын басып алышы [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // КУУнун Жарчысы. Улуу Кыргыз Кагандыгынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган "Кыргыз кагандыгы түрк цивилизациясынын алкагында: кыргызтаануу маселелери" аттуу эл аралык илимий конференциянын материалдары. Часть 2. –Бишкек,2013. –С.145-150.
7. Чодолдоева Г.Ж. Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый өнүгүүсүнүн жана мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын тарыхнаамасы (XIX к.) [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Кыргыз жана карахандар каганаттары. Көөнөрбөс издер. III эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. –Бишкек,2014. –С.350-354.
8. Чодолдоева Г.Ж. XVIII кылымдын II жарымы-XIX кылымдын биринчи жарымындагы Теңир-Тоо кыргыздарынын уруулук курамы [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Кыргызстан жана Борбордук Азия- баарлашуунун

мейкиндиги. Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II конгрессинин баяндамалары жана макалалар жыйнагы. –Бишкек,2015. – С.114-118.

9. Чодолдоева Г.Ж. Кыргыздардын баатырлар доорундагы коомдук-саясий турмушундагы аялдардын орду жана ролу [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // “Женщины Кыргызстана: реалии и перспективы”. 2-я международная научно-практическая конференция, посвященная году истории и культуры, 20-летию Ататюрк-Алатоо, 23-летию Конгресса женщин КР. – Бишкек,2016. –С.55-59.
10. Чодолдоева Г.Ж. Характер и особенности взаимосвязей кыргызов Теңир-Тоо с Российской империей (вторая половина XVIII века-первая половина XIX века) [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Научная дискуссия: инновации в современном мире. Сборник статей по материалам XLVIII международной научно-практической конференции. №4(47). Часть 1. - Москва,2016. –С. 82-88. (РИНЦ)
11. Чодолдоева Г.Ж. Национально-освободительное движение кыргызов Центрального-Тянь-Шаня против Кокандского ханства в первой половине XIX века[Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Вестник науки и образования. Научно-методический журнал. №4(16), -Москва,2016. – С.26-30. (РИНЦ
12. Чодолдоева Г.Ж. Роль кыргызов Тенир-Тоо в политической истории Кокандского ханства [Текст] / Г.Ж.Чодолдоева // Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории. №4(44) М., Изд. “Интернаука”, 2016.–С. 27-34. (РИНЦ)

**Чодолдоева Гүлзат Жусуповнанын “Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60 –жылдарындагы социалдык-саясий абалы” деген темада 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Өзөктүү сөздөр:** Борбордук Теңир-Тоо, социалдык-саясий абал, уруулар аралык мамилелер, азаттык күрөшү, Цинь-манчжур үстөмдүгү, Кокон хандыгы, Орусия империясы, тарыхый инсандар.

**Диссертациянын негизги максаты-** XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий абалын изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргызстандын XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы тарыхы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60-жылдарындагы Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий абалын иликтөө болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Диссертациялык ишти изилдөөгө историзм жана илимий объективдүүлүк принциптери негиз болду. Анын натыйжасында, жалпы жана айрым тарыхый процесстер тыгыз байланышта изилденип, жыйынтыктар чыгарылды.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы жана жыйынтыктары –** Диссертациялык изилдөө жаңы булактардын, жаңыча методологиянын жана көз караштардын негизинде жүрдү. Айрым сунуштар жана корутундулар жаңы концептуалдык багыттагы тыянактардын негизинде чыгарылды. Архивдик булактар системалаштырылып, илимий айлампага киргизилди.

Диссертациялык иштин материалдары кыргыз тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, атайын курстарды түзүүдө, массалык маалымат каражаттары аркылуу кыргыздардын тарыхый мурасын жана улуттук казынасын таанытып, кеңири пропагандалоого көмөк берет.

# РЕЗЮМЕ

на диссертацию **Чодолдоевой Гүлзат Жусуповны на тему “Социально-политическое положение кыргызов Центрального Тенир-Тоо во второй половине XVIII - 60-х годов XIX века”** на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 . – Отечественная история.

**Ключевые слова:** Центральный Тенир-Тоо, социально-политическое положение, межродовые отношения, освободительная борьба, господство Цинь-манчжуров, Кокандское ханство, Российская империя, исторические личности.

**Основная цель диссертации** является исследование социально-политического положения кыргызов Центрального Тенир-Тоо во второй половине XVIII - 60-х годах XIX века.

**Объектом исследования** является история Кыргызстана во второй половине XVIII– 60-е годы XIX века.

**Предметом исследования:** социально- политическое положение кыргызов Тенир-Тоо во второй половине XVIII– 60-е годы XIX века.

**Методологическую основу исследования** составили принципы историзма и научного объективизма. В результате общие и некоторые исторические процессы исследован в единой взаимосвязи и сформулированы научно выверенные выводы.

**Научная новизна и результаты исследования.** Диссертационное исследование написано на основе использования ранее не известных источников новых концептуальных решений, опираясь на новые методологические принципы. Некоторые рекомендации и выводы сформулированы на основе новых взгядов. Архивные материалы систематизированы и включены в научный оборот.

Научные результаты диссертационного исследования помогут историкам при написании обобщающих работ, составлении спецкурсов, ознакомлению широких народных масс через средства массовой информации с историческим наследием кыргызов, широкой его пропаганде.

**Summary**

**of dissertation work of the applicant Chodoldoeva Gulzat Jusupovnafor the science degree of the candidate historical sciences by specialty History of Homeland – 07.00.02 on the theme "Social and political position of kyrgyz in Central Tenir-Too in the second half XVIII - 60-th years of XIX centuries"**

**Key words:** Central Tenir-Too, social political position, intergeneric relationship, liberation fight, domination Cin-manchjur, Kokon khanate, The Russian empire, historical personality.

**The main purpose of the thesis:** The researching of social and political position, struggle for the release of kyrgyz in Central Tenir-Too in the second half XVIII- 60-th years of XIX centuries.

**Object of research:** The history of Kyrgyzstan in the second half XVIII- 60-th years of XIX centuries.

**Subject of research:** The researching of social and political position, struggle for the release of kyrgyz in Central Tenir-Too in the second half XVIII- 60-th years of XIX centuries.

**Research methodology** – The methodological basis of the research were the principles of historicism and scientific objectivism. As a result, general and some of the historical processes investigated in a single relationship and formulated scientifically verified findings

**Scientific novelty and results of the study**. The thesis is written based on the use of previously known sources of new conceptual solutions, based on new methodological principles. Some of the recommendations and conclusions formulated on the basis of new views. Archival materials are systematized and included in the scientific revolution.

The scientific results of the research will help historians when writing general works, preparation of special courses, educate the masses through the media with the historical heritage of the Kyrgyz people, its general propaganda.

Басууга кол коюлду 24.10.16
Чемени 60x84 1/16. Көлөмү 1,6 ш.б.т.
Нускасы 110. Офсеттик басуу.

ЖИ Сарыбаев Т.Т. басмаканасында басылды
Бишкек ш., Раззаков к., 49
т. 62-67-76